Кулмамбетов Жаныш Осмоновичтин маданият таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 24.00.01. маданият теориясы жана тарыхы адистиги боюнча жазган "Кыргыздын эпикалык театры дүйнөлүк театрдын контекстинде" аттуу темадагы диссертациясына

# П И К И Р

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Диссертант өзүнүн ишинде баса белгилегендей кыргыздын оозеки маданиятына ушул кезге чейин оозеки адабият катары гана артыкчылык берилип келе жаткандыгын танууга болбойт. Оозеки маданияттын адабиятка түздөн-түз тиешеси бар экендиги анык. Бирок, оозеки маданият жеке эле адабият эмес, эзелтен берки кылымдардан бери көркөм өнөрдүн башка дагы бир кыйла моделдеринде өкүм сүргөнү да объективдүү чындык болуп саналат. Андыктан, "кыргыздын оозеки маданияты биринчи кезекте полисемиотикалуу көрком-феноменалдуу кубулуш" деп изилдөөчү акыйкат көрсөткөндөй, ал бир эле мезгилде адабияттын, театр өнөрүнүн, музыкалык искусствонун функцияларын ичине камтыган универсалдуу көрүнүш экендиги да объективдүү чындык. Демек, диссертант белгилегендей, оозеки маданият, адабияттын гана энчиси катары эсептелбестен, өзүнүн универсалдуу, полисемиотикалуу табиятына жараша баасын алуусу – азыркы учурдагы маданият таануу жана искусство таануу илимдеринин приоритеттүү милдеттеринен болуп саналаары анык.

Диссертант оозеки маданияттын универсалдуу, полисемиотикалуу көрүнүш экендигин далиилдөө аракетин көрүп, кыргыздын оозеки өнөрү аристотелдик типтеги сцена искусствосунун түрүнө кирбеген, европалык үлгүдөгү театрдан мурда эле - эпосту аткаруу менен кошо жаралган диегесис моделиндеги эпикалык баяндоочу театр деген жобону киргизип жана илимий жактан олуттуу тастыктоо аракетин ишке ашырып жатканы да, улуттук гуманитардык илим чөйрөсүндө оозеки чыгармачылыкты Дүйнөлүк Театрдын байыртадан берки эң башкы бутактарынын бири катары кароого толук негиз бере алат. Иликтөөчүнүн бул жобосу жалпы эле театр өнөрүн таанып-билүүнүн горизонтун кеңейте турган мааниге ээ.

Жогоруда айтылган пикирлердин негизинде изденүүчү Ж. О. Кулмамбетовдун бул илимий изилдөөсү актуалдуу деп корутунду чыгарууга толук негиз бар.

**Изденүүчүнүн диссертацияда берилген илимий жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жалпылык жана негиздүүлүк деңгээли.**

Ж. О. Кулмамбетовдун «Кыргыздын эпикалык театры дүйнөлүк маданияттын контекстинде» аттуу диссертациясынын жоболору өзүнө кыргыздын диегесис моделиндеги эпикалык театрына тийиштиги бар маселелердин комплекстүү изилдөөлөрүн камтып турат.

Алынган тыянактар илимий - логикалык ыраттуулугу жагынан бири-бири менен байланыштуу, практикалык сунуштары такталган теориялык жоболордо калыпка салынган.

Диссертация аталган маселе боюнча ички биримдике ээ болгон бир нече жаңы илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтып турат, албетте бул автордун маданият таануу илимине кошкон жеке салымы тууралсында маалымат берип турат.

Изилдөөдө алынган жыйынтыктар кыргыздын диегесис моделиндеги эпикалык театрынын маңызына, ошону менен бирге заманбап кыргыз маданиятынын өнүгүүсүнүн тенденцияларына жана келечегине тереңирээк ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берип, изилдөөдө тарыхый-эстетикалык концепцияда толукталган, алынган жыйынтыктар кыргыз коомунун полиэтникалык мейкиндигиндеги маданий-цивилизациялык процессти андан ары изилдөөнү жөнгө салат. Ошондуктан диссертант тарабынан алынган жаңы илимий жыйынтыктар жалпыланып, алардын негиздүүлүгү илимдин аталган багыты үчүн олуттуу мааниге ээ.

Диссертациянын 1- бабында кыргыз эпикалык театры жалпы адамзаттык эпикалык өнөрүнүн контексти аркылуу таанылган.

Илимий иште маданият таануу жана искусство таануу илимдеринин өнүгүүсү үчүн кыйла олуттуу мааниге ээ төмөндөгүдөй жаңы илимий жалпыланган теоретикалык жыйынтыктар берилген:

-аталган тема боюнча түздөн-түз ушул багытта болбосо да, кыйыр формасында авторлордун жана изилдөөчүлөрдүн эмгектеринин бар экендигине карабастан, ата-мекендик маданият таануу жана искусство таануу илимдеринде кыргыздын диегесис моделиндеги эпикалык театрынын маңызына, анын аристотелдик театр менен окошотуктарына жана айырмачылыктарына карата жүргүзүлгөн изилдөөлөр кездешпейт. Ошондуктан аталган изилдөө белгилүү бир деңгээлде, ушул боштукту толуктап турат;

-эпикалык театр, аристотелдик театр түшүнүктөрүнүн өз ара үндөштүгү, айырмачылыктары жана алардын эстетикалык принциптерин

салыштыруу менен диегесис моделиндеги улуттук эпикалык театрдын табияты конкреттүү ачып берилген.

Диссертациянын экинчи бабында диссертант диегесис менен мимесиске таандык жалпы окшоштуктар жана театр искусствосунун табиятын түздөн–түз чагылдырылган универсалдуу семиотикалык белгилерин карап чыккан. Улуттук диегесис моделиндеги кыргыздын эпикалык театрынын генезиси, дүйнөлүк сахна өнөрүндөгү аналогиясы жана апогейи конкреттүү тыянакталган.

**Алынган натыйжалар жана жаңылыктар.** Бул диссертациялык иште кыргыздын диегесис моделиндеги эпикалык театрынын табиятына тарыхый-теориялык анализ жүргүзүлүп, натыйжада:

-кыргыздын оозеки маданияты жеке гана адабият эмес, андан тышкары театр өнөрүн да камтыган универсалдуу, полисемиотикалуу феноменалдуу кубулуш экендигин айгинеленген;

-театр искусствосу жападан жалгыз аристотелдик гана типте өкүм сүрбөгөн көп түрдүү, көп моделдүү кубулуш экенин негиздүү көрсөтүлгөн;

-эпикалык искусствого карата мурдатан калыптанган, айрыкча совет доорунда орун алган догмалар, стереотиптүү көз караштар негиздүү четке кагылган;

-кыргыздын эпикалык театры дүйнөлүк сахна искусствосунун спецификалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык талдоодон өткөрүлгөн;

-эпикалык театр менен аристотелдик сахна өнөрүнүн терең айырмачылыктарын жана окшоштуктары аныкталган;

-кыргыздын эпикалык театрынын генезиси, аналогдору жана баяндоочу искусствого таандык өзгөчөлүгү жетиштүү деңгээлде айкындалган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.** Диссертацияда көрсөтүлгөн жана талданган материалдар кыргыздын диегесис моделиндеги эпикалык театрынын табиятын конкреттүү түшүнүүгө жардам берет. Ошону менен бирге изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык принциптери кыргыздын оозеки маданиятынын (фольклор) теориясы, театр маданиятынын теориясы, театр таануу боюнча окууда жана атайын курстарды даярдоодо жана маданият чөйрөсүндө эффективдүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүдө иш-чараларды иштеп чыгуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык иштин теориялык, илимий жыйынтыктары элдик оозеки чыгармачылыктын маңызына, ошондой эле заманбап кыргыз маданиятынын өнүгүүсүнүн тенденцияларына жана келечегине тереңирээк ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөөдө тарыхый-теориялык концепцияда толукталган, алынган жыйынтыктар кыргыз коомунун

полиэтникалык мейкиндигиндеги маданий-цивилизациялык процессти андан ары изилдөөнү жөнгө салат.

**Диссертациядагы алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо.**

Кулмамбетов Жаныш Осмоновичтин «Кыргыздын эпикалык театры дүйнөлүк маданияттын контекстинде» деген темада жазган диссертациясы боюнча алынган натыйжалар өз ара байланышта, практикалык сунуштар тастыкталган теориялык жоболорго негизделип, түзүлгөн.

**Диссертациянын мазмуну** авторефератта жана талапкердин илимий эмгектеринде толук чагылдырылган.

**Илимий изилдөөнүн негизги натыйжалары** 18 илимий макалада чагылдырылды.

Ошого карабастан диссертацияда айрым техникалык, стилистикалык мүчүлүштүктөр орун алган. Бирок, жалпылап айтканда, көргөзүлгөн кемтиктер Ж.Кулманбетовдун диссертациялык изилдөөсүнүн салмагын орчундуу дегидей төмөндөтө албайт. Диссертант максатына жеткен деп бааласак туура болот.

**Диссертацияга негизги баа.**

Жалпысынан, диссертация максатына жетип, дайындалган милдеттерди аткарган десек болот. Теориялык тыянактары бай эмпирикалык негизге таянып, ишенимдүү далилдерге канык. Талкууланып жаткан маселелерге байланыштуу автор башка илимпоздордун, адистердин тажрыйбасына кайрылып, орчундуу тыянактарды пайдаланганга аракет жасаган.

**Диссертациялык иштин коюлган талаптарга дал келиши.**

Кулмамбетов Жаныш Осмоновичтин «Кыргыздын эпикалык театры дүйнөлүк маданияттын контекстинде»аттуу темада жазган диссертациясы бир бүтүндөй жыйынтыкталган илимий классификациялык изилдөө болуп саналат да, теориялык-методологиялык деңгээли боюнча маданият таануу илиминде аткарылган диссертациялардын, аларга коюлган Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына толук жооп берет. Ошондуктан изденүүчү Кулманбетов Ж.О. 24.00.01.- маданият теориясы жана тарыхы адистиги боюнча маданият таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу.

Расмий оппонент,
маданият таануу илимдеринин кандидаты Г. Э. Садыкова

18.04.2018

КАНЦЕЛЯРИЯ